Бекитемин
2023-жылдын 30 январы
БСБМТУБнын директору
____________
Шамшидинова Б.С.

**COVID-2019 учурунда онлайн окутуудан улам келип чыккан кемчиликтерди аныктоо үчүн 5-6-класстарда тилдер боюнча (кыргыз, орус, өзбек жана тажик)билимге мониторинг жүргүзүү боюнча нускама**

**Тесттин максаты:** 5-6-класстын окуучуларынын лексикалык-грамматикалык көндүмдөрү менен адабий билим деңгээлин аныктоо жана өтүлбөй калган материалдарды өздөштүрүү программаларына байкоо жүргүзүү.

Тест – орус тилинен лексикалык жана грамматикалык материалды өздөштүрүү, окуу жана түшүнүү, керектүү маалыматтарды алуу көндүмдөрүн, даярдык деңгээлин текшерүү үчүн тапшырмалардын тандалмасы.

5 жана 6-класстар үчүн тест 2 бөлүктөн турат.

**Биринчи бөлүм (Грамматика):**

5-класс: тапшырмалардын саны - 11 (туура жообун белгилөөгө);
6-класс: тапшырмалардын саны – 16 (туура жообун белгилөөгө).

**Экинчи бөлүм (окуу жана түшүнүү):**

5-класста тапшырмалардын саны: 2 текстке түзүлгөн 9 тапшырма
(5 – туура жообун белгилөөгө, 4 – ачык форматтагы тапшырма);
6-класста тапшырмалардын саны: 2 текст жана 8 тапшырма
(4 – туура жообун белгилөөгө, 4 – ачык форматтагы тапшырма).

## Тестти өткөрүүнүн жол-жобосу

Тестте: 5-класста – 20 тапшырма, 6-класста – 24 тапшырма.

Тестти аткаруу убактысы: 5-класста – 45 мүнөт, 6-класс – 45 мүнөт.

Тест өткөрүүнүн алдында окуучуларга материалдар берилгенден кийин, тестти кантип аткаруу керектиги боюнча көрсөтмөлөр берилет.

Тест учурунда суроолорго жол берилбейт. Тесттин убакыты өткөндөн кийин тест материалдары мугалимге тапшырылат.

## Сыноонун натыйжаларын иштетип чыгаруу

Тесттин натыйжаларын чыгаруу жана баалоо туура жооптор берилген ачкычтар аркылуу ишке ашырылат.

Окуучунун тегеректеп белгилеген варианты жообу болуп эсептелет.

Окуучунун алган баллдардын саны математика жана тил боюнча тесттик баракчаларда өзүнчө жазылат. **Биринчи бөлүмдөгү** ар бир туура аткарылган тапшырма **1 балл** менен бааланат.

**Экинчи бөлүмдөгү** ачык түрдөгү тапшырмалардын ар бири туура аткарылган болсо **2 упай** менен бааланат.

**Максималдуу упай:**

5-класс - **24 упай**.

6-класс – **28 упай**.

Тест өтө турган күн жөнүндө маалымат, тесттердин көрсөтмө катары варианты БСБМТУБнын расмий сайтында жайгаштырылат.

Ачкычтарды, б.а. туура жоопторду тест өткөн күндүн эртеси күнү Улуттук борбор веб-сайтына жайгаштырат.

Мугалимдер ушул нускамага ылайык тесттерди текшерип, жиберилген таблицаны (матрицаны) толтурушу керек.

Матрица, окуучунун аты-жөнү, идентификациялык номери (журналдагы окуучунун катар номери), облус, район, мектептин аталышы, классы тамгасы менен, окуучунун жынысы жана анын жооптору жана киргизилген таблица болуп эсептелет.

**Жоопторду таблицага толтуруунун тартиби:**

***Туура жообун тандоо тапшырмасынын жооптору окуучу тестте кандай белгилеген болсо, ошондой эле толтурулат:*** А же Б же В же Г

Жообу белгиленбесе – 0 цифрасы киргизилет;

Бир нече жооп белгиленсе – 9 цифрасы;

***Ачык типтеги тапшырмалар (2 балл менен бааланат):***

Толук жооп берилсе - 2,

Жарым жартылай жооп болсо -1,

Туура эмес жооп болсо - 8

Жооп жок болсо – цифра 0

Толтурулган таблица-форманы мугалим тест өткөн күндөн тартып 5 күндүн ичинде региондор үчүн ачылган электрондук почта аркылуу БСБМТУБга жөнөтөт.

Республиканын ар бир облусу үчүн өзүнчө электрондук почталар түзүлөт, аларды райондук/шаардык билим берүү бөлүмүнүн жооптуу адиси жана БСБМТУБнын аймактык өкүлү көзөмөлдөйт.

Мугалимдер өз алдынча тесттерди ачкычтар менен текшерип жыйынтыгын чыгарат. Алынган упайларды бааларга которуп, алган бааларды текшерүү иши катары эсепке алышы керек.

**Тесттен алган упайлар төмөнкүдөйлөр которулат:**

**5-класс**

| **Упайлар** | **Баасы** |
|---|---|
| 18-24 | «5» |
| 14-17 | «4» |
| 12-13 | «3» |
| 0-11 | «2» |

**6-класс**

| **Упайлар** | **Баасы** |
|---|---|
| 21-28 | «5» |
| 17-20 | «4» |
| 14-16 | «3» |
| 0-13 | «2» |